ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин
Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын

## №5 ПРОТОКОЛУ

*28-февраль, 2024-жыл.*
*Төрага:* Т.М. Жолдошов
*Окумуштуу катчы:* А.А. Абдилазизова
*Катышкандар*: Окумуштуулар кеңешинин 27 мүчөсү катышты.
Күн тартиби:
1. 2023-2024-окуу жылындагы окуу, тарбиялык иштердин жарым жылдык жыйынтыктары жана жаңы окуу жылына карата милдеттер. Баяндамачы: декандын м.а., доцент Т.Жолдошов.
2. Ар турдуу маселелер.

УГУЛДУ: МИТ факультетинин деканынын м.а. Т.М. Жолдошов күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды. Окумуштуулар Кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту. Регламент боюнча ар бир маселеге 15-20 минутага чейин жана ар түрдүү маселелер боюнча 5-8 минутага чейин убакыт, ал эми талкууларга 5 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдоого алынды.

1-маселе.
УГУЛДУ: 2023-2024-окуу жылындагы окуу, тарбиялык иштердин жарым жылдык жыйынтыктары жана жаңы окуу жылына карата милдеттер жөнүндө декандын м.а., доцент Т.Жолдошов билдирүү жасады.
ТАЛКУУ:
*А.Ж. Кудуев (АССТ кафедрасынын башчысынын м.а., доцент):*
*1-суроо:* Эмгек тартиби кандай жүргүзүлүп жатат?
*Жооп:* Кафедра башчылары аркылуу билдирип, жооп каттар кабыл алынган.
*2-суроо:* Дистанттык бөлүмдө кайсы группада катышуу жакшы, текшерүү болдубу?
*Жооп:* сабактар онлайн болгондуктан, декандын орун басары бул боюнча иш алып барды.
*3-суроо:* Усулдук кеңештин ушул окуу жылында отуруму болдубу? Мүчөлөр кимдер?
*Жооп:* Усулдук кеңештин төрайымы иш алып барууда. Жаңыдан жумушка кабыл алынган окутуучулардын сабагына протоколдор тапшырылды.
*4-суроо:* Мобилдүүлүк боюнча эң алдыда кайсы адистик?
*Жооп:* АСОИУ адистиги боюнча мобилдүүлүккө кеткен студенттер көп.
*У.А. Сопуев (ЖМ кафедрасынын доценти):*
*1-суроо:* Кредиттик технология боюнча иш чаралар кандай уюшулуп жатат?
*Жооп:* Азыр эксперимент жүргүзүлүп жатат, 1-сентябрдан толук өтүлөт.
*2-суроо:* Аудитория маселеси жаралбайбы?
*Жооп:* Потокко бөлүнүп, азыркы күндө эксперимент жүргүзүлүп жатат. Студент дисциплинаны тандайт, ал эми дисциплина окутуучуга алдын-ала байланган болот.
*3-суроо:* Окутуучунун дисциплинага байлануу тартиби кандай болот?
*Жооп:* Рейтингге карап байланат.
*Ш.Д. Оморов (МИОТ жана ББМ кафедрасынын доценти):* 201-аудитория биздин карамагыбыздабы?
*Жооп:* Ректораттан билдирүү менен келгендер иш чараларды уюштуруп жатышат. Поток лекциялар өтүлүп жатат.
СӨЗГӨ ЧЫККАНДАР:

*У.А. Сопуев (ЖМ кафедрасынын доценти):* 1-жарым жылдык отчет эсеп-кысап боюнча эле берилиши керек эле, Т.М. Жолдошов толук маалымат берип жатат. Отчет канааттандырарлык деп ойлоймун.
Жогоруда берилген маалыматтардын, тыянактардын, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар кеңеши ТОКТОМ кылат:

2023-2024-окуу жылынын I жарым жылдыгынын эсеп-кысабы боюнча декандын м.а., доцент Т.М Жолдошовдун отчету канааттандырарлык деп табылсын.
1. Факультетте окуу процессин уюштуруу, окутуунун сапатын мындан ары жогорулатуу, илимий иштердин ишин күчөтүү, тарбиялык иштерди жандандыруу максатында төмөнкү иш-
чаралар аткарылсын:
1.1. аудиториялык фонду чечүү жагы күчөтүлсүн (жооптуулар: )
1.2. бекитилген жадыбал боюнча сабактарды өз убактысында өтүү, текшерүү жагы жагы күчөтүлсүн (жооптуулар: деканат, кафедра башчылар);
1.3. студенттердин билимин баалоодо окутуучулар тарабынан балл топтоонун эрежелери сакталбагандыгына байланыштуу, окутуучулар үчүн квалификациясын жогурулатуу максатында ОМКларды түзүү жана аларды AVN маалыматтык системасына жана башка платформаларга жайгаштыруу боюнча семинар уюштурулсун (жооптуулар: усулдук кеңеш, кафедра башчылары);
1.4. окуу процесси, кредиттик технологиялар, FX, I вед. жайкы сессия боюнча ПО курамга жана студенттерге түшүндүү иштери күчөтүлсүн (жооптуулар: деканат, усулдук кеңеш, кураторлор);
1.5. жаңы окуу жылында тапшырган 1-курстун студенттерине предметтер боюнча маниторинг өткөрүү жана аларга анализ жасоо күчөтүлсүн (жооптуулар: Усулдук кеңеш, окутуучу Равшан у. С., предметниктер жана кураторлор);
1.6. ПО курамдын сапаттык көрсөткүчүн жана билим берүүнүн сапатын көтөрүү максатында студенттерди, окутуучуларды анкетирлөөнүн, жыйынтыгын анализдөөнүн жана уюштурулуучу иш-
чаралардын жоболору иштелип чыксын (жооптуулар: усулдук кеңеш, кафедра башчылар, деканат);
1.7. окутуучулардын ачык сабактары, өз ара сабактарга катышуусу күчөтүлсүн (жооптуулар: кафедра башчылары, усулдук кеңеш, деканат);
1.8. ПО курамдын сапаттык көрсөткүчүн көтөрүү максатында ар бир окутуучунун иш ордун талапка жооп бере тургандай деңгээлде уюштурулуп берилсин, б.а. стол, стул, компьютер, принтер менен камсыздалсын (жооптуулар: кафедра башчылары);
1.9. кафедраларда студенттердин билим сапатын жогорулатуу максатында иш алып барган кружоктордун, олимпиадалардын иш аракеттери күчөтүлсүн (жооптуулар: тиешелүү бүтүрүүчүлөрдү тейлөөчү кафедралар, усулдук кеңеш, декандын илимий иштери боюнча орун басары Абдумиталип у. К.);
2. студенттерди факультеттин, унивеситеттин, шаардын спорттук, маданий массалык иш чараларына жана факультет, университет тарабынан өткөрүүлүчү ар түрдүү кечелерге активдүү катыштыруу
жагы күчөтүлсүн (жооптуулар: декандын тарбиялык иштери боюнча орун басары, окуутучу Б. Сатибай уулу жана кураторлор).
2.1. бүтүрүүчүлөр, иш берүүчүлөр жана ата-энелер менен жолугушууларды өткөрүү күчөтүлсүн (жооптуулар: окутуучу Пакал уулу Д., кафедра башчылары, кураторлор);
2.2. магистранттардын жана студенттердин практикаларын уюштуруу (практикалардын түрүнө жараша программаларды иштеп чыгып бекитүү), конференцияларды өткөрүү, жана

отчетторду кабыл алуудагы калпыстыктарды жоюу күчөтүлсүн (жооптуулар: окутуучу Мурзакматова З., Э. Авазова жана практика жетекчилер);

2.3. ПО курамды, магистранттарды жана күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмүнүн студенттерин мобилдүүлүккө, конок лекторго тартуу жагы күчөтүлсүн (жооптуулар: кафедра башчылар, факультеттин эл аралык байланыштар боюнча жооптуусу Пакал уулу Долонбек, окутуучу Бекмурза уулу И.);

2.4. чет өлкөлүк студенттер менен иш алып баруу жагы (алардын базасын түзүү, каттого тургузуу, виза ачуу, тил жагынан курстарды уюштуруу ж.б.) күчөтүлсүн (жооптуулар: факультеттин эл
аралык байланыштар боюнча жооптуусу Пакал уулу Долонбек).

2.5. дистанттык жана сырттан окуу бөлүмүнүн студенттери менен офлайн жана онлайн байланышты (Facebook, Whatsapp, Moodle, GoogleMeet, Telegram ж.б. платформаларда) түзүү жана Moodle платформасына өтүү күчөтүлсүн (жооптуулар: декандын сырттан окуу бөлүмүнүн орун басары, предметниктер, кураторлор, жана сырттан окуу бөлүмүнүн методисти);

3. Аккредитациянын талабына жараша окуу кааналардын багытка/адистикке багытталып жабдылышы жана жасалгаланышы колго алынсын (Жооптуулар: программа жетекчилери, жумушчу топтор); 44

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө декандын м.а. доцент Т.М. Жолдошовго жүктөлсүн.

- Ар түрдүү маселелер.

а) Жогорку математика кафедрасынын доценти, ф.-м.и.к. У.А. Сопуев, улук окутуучу А.Ж. Абдукаимова жана окутуучу М.П. Жолдошбаевдин "Жогорку математика боюнча практикалык колдонмо" аттуу окуу колдонмосун басмадан чыгарууга сунуштоо жөнүндө.

УГУЛДУ:

*Т.М. Жолдошов (факультеттин деканын м.а., доцент):* доцент У.А. Сопуев жана улук окутуучу А.Ж. Абдукаимова жана окутуучу М.П. Жолдошбаевдин "Жогорку математика боюнча практикалык колдонмо" аттуу окуу колдонмосуна тиешелүү кафедранын чечими бар. Колдонмого ички жана сырткы рецензиялар берилген. Окуу колдонмону тааныштыруу үчүн авторго сөз берейин.

*У.А. Сопуев (ЖМ кафедрасынын доценти):* Бул колдонмонун теориялык бөлүгү буга чейин жарык көргөн, практикалык сабакта окутуучулар жана студенттер үчүн колдонмо болот деп эсептейм. Ошондуктан, аталган окуу колдонмону басмадан чыгаруу керек деп эсептеймин жана басмага сунуштоо чечимин колдоп берүүңүздөрдү суранам.

Т.М. Жолдошов (факультеттин деканын м.а., доцент): Анда "Жогорку математика боюнча практикалык колдонмо" окуу колдонмосун басмага сунуштайм жана колго салам.

Окумуштуулар кеңешинин калган мүчөлөрү да жогорудагы пикирлерди бир добуштан колдошту.

ТОКТОМ

1. Жогорку математика кафедрасынын доценти, ф.-м.и.к. У.А. Сопуев, улук окутуучу А.Ж. Абдукаимова жана окутуучу М.П. Жолдошбаевдин "Жогорку математика боюнча практикалык колдонмо" аттуу окуу колдонмосу басмага сунушталсын.

2. Бул чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

б) Жогорку математика кафедрасынын доценти, ф.-м.и.к. У.А. Сопуев, КИИК кафедрасынын улук окутуучусу Б.Щ. Нуранов, ИСП кафедрасынын доценти
А.Э. Сатаровдор тарабынан даярдалган "Эки өзгөрмөлүү жекече туундулуу дифференциалдык теңдемелерди чыгаруу" аттуу окуу колдонмосун басмага сунуштоо жөнүндө.

УГУЛДУ:

*Т.М. Жолдошов (факультеттин деканын м.а., доцент):* доцент У.А. Сопуев жана улук окутуучу Б.Ш. Нуранов, доцент А.Э. Сатаровдор даярдаган "Эки өзгөрмөлүү жекече

туундулуу дифференциалдык теңдемелерди чыгаруу" аттуу окуу колдонмосуна тиешелүү кафедранын чечими бар. Колдонмого ички жана сырткы рецензиялар берилген. Анда методикалык көрсөтмөнү тааныштыруу үчүн авторго сөз берейин.

*У.А. Сопуев (ЖМ кафедрасынын доценти):* Бул колдонмо кыргыз тилинде болуп, окутуучулар, аспиранттар, магистранттар жана студенттер үчүн да колдонмо болот деп эсептейм. Математикалык физиканын теңдемелери курсу боюнча кыргыз тилинде чыккан окуу колдонмолор жок. Ошондуктан, аталган окуу колдонмону басмадан чыгаруу керек деп эсептеймин жана басмага сунуштоо чечимин колдоп берүүңүздөрдү суранам.

Т.М. Жолдошов (факультеттин деканын м.а., доцент): Анда "Эки өзгөрмөлүү жекече туундулуу дифференциалдык теңдемелерди чыгаруу" окуу колдонмосун басмага сунуштайм жана колго салам.

Окумуштуулар кеңешинин калган мүчөлөрү да жогорудагы пикирлерди бир добуштан колдошту.

Т О К Т О М

1. Жогорку математика кафедрасынын доценти, ф.-м.и.к. У.А. Сопуев, КИИК кафедрасынын улук окутуучусу Б.Ш. Нуранов, ИСП кафедрасынын доценти А.Э. Сатаровдор тарабынан даярдалган "Эки өзгөрмөлүү жекече туундулуу дифференциалдык теңдемелерди чыгаруу" аттуу окуу колдонмосу басмага сунушталсын.
2. Бул чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

в) Алгебра жана геометрия кафедрасынын доценти, физика-математика илимдеринин кандидаты Курбанбаева Нуржамал Нажимидиновнаны "Математика" адистиги боюнча доцент окумуштуулук наамына сунуштоо.

УГУЛДУ:

*Т.М. Жолдошов (факультеттин деканынын м.а., доцент):* Курбанбаева Нуржамал Нажимидиновна ОшМУда 2008-жылдан тартып эмгектенип келе жатат. 1 монография, 2 методикалык колдонмо жана 19 илимий эмгектин автору, анын ичинде акыркы 5 жылда 8 илимий макаласы жарыкка чыккан. Н.Н. Курбанбаеванын документтери талапка ылайыктуу болгондуктан, доценттик окумуштуулук наам алуу үчүн ОшМУнун Окмуштуулар кеңешинин кароосуна сунуштайм.

ЧЫГЫП СҮЙЛӨГӨНДӨР: *Г.М.Борбоева (кафедра башчысы, доцент)*: Н.Н. Курбанбаева көп жылдык педагогикалык иш-тажрыйбасында ар бир сабагына заманбап информациялык технологияларды колдонуп, чыгармачылык менен сабактарын өтүп келе жатат. Жетекчилик кызматтарда ийгиликтүү кызмат өтөө менен университеттик деңгээлдеги иш-чараларга активдүү катышып жаткандыгын жана билим берүүдөгү, коомдук иштердеги активдүүлүгүн эске алып, бул сунушту колдоймун.

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан колдоп, төмөндөгүдөй чечим кабыл алышты.

ТОКТОМ:

1. Н.Н. Курбанбаева "Математика" адистиги боюнча доцент окумуштуулук наамына сунушталсын;
2. Бул чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.М. Жолдошов

Окумуштуу катчы А.А. Абдиназизова

ДЕКАНАТ